# ФЛАВИТАН

ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

| **Курамы: 1 капсулада төмөнкүлөр камтылат:** | | КАД % |
|---|---|---|
| Кытай буурчагынын маңызы (Glycine max)<br>*изофлавонго туура келет* | 100 мг<br>40 мг | 80* |
| Темир фумараты<br>*темирге туура келет* | 60,86 мг<br>20 мг | 111** |
| L-аскорбин кислотасы | 30 мг | 33* |
| Холекальциферол<br>*Д3 витаминине туура келет* | 1,60 мг<br>4мкг | 40* |
| Фолий кислотасы | 500 мкг | 125** |

***көмөкчү заттар:*** микрокристаллдуу целлюлоза, лактоза моногидраты, кремний диоксиди, май кислоталарынын магний тузу;

***чел кабыгынын курамы:*** желатин, боёгучтар: кызыл темир оксиди, титан оксиди.

* БСЭГТ-1-бөлүмүнө 5-тиркемеге ылайык – керектөөнүн адекваттуу деңгээлинен ашпайт.

** БСЭГТ-1-бөлүмүнө 5-тиркемеге ылайык – керектөөнүн жол берилген жогорку деңгээлинен ашпайт.

**Колдонуу чөйрөсү:**

- Аялдарда репродуктивдүү функциясын жакшыртат.
- Климакс мезгилине чейинки жана кийинки симптомдорду жеңилдетет (шыкалуулар, уйкусуздук, кыжырдануу, маанайдын өзгөрүүсү, баш оорулар жана башкалар).
- Бузулган айыз циклин калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтөт
- Кандагы холестериндин камтылышын турукташтырат
- Жүрөк-кан тамыр системасынын функциясын колдойт.
- Темири жетишсиз аз кандуулукту алдын алуу үчүн.

*Изофлавондор* өзүнүн эстрогендеринин жоктугун алмаштыруу менен эстроген сымал таасирге ээ. Климакс синдромунда абалды жеңилдетет, менопауза мезгилинде гормондордун деңгээлин жөнгө салат, аны менен «шыкалуулардын» жыштыгын, жана остеопороздун өрчүү коркунучун төмөндөтөт. *Изофлавондор* кандагы холестериндин санын төмөндөтүүгө, кан айланууну жакшыртат, иммундук системаны бекемдөөгө көмөк көрсөтөт.

*Темир* көптөгөн биологиялык процесстерге жана биринчи кезекте, ткандарга жана булчуңдарга кычкылтекти өткөрүүгө катышат. Анын жетишсиздиги айрыкча аялдар үчүн актуалдуу. *Темир* кызыл кан денечелеринин пайда болушу үчүн, борбордук нерв системасы жана иммундук системанын нормалдуу иштеши үчүн зарыл.

*Фолий кислотасы* менопауза учурунда эстрогендердин жогору деңгээлин сактоого жардам берет; организмдин жаңылануу процесстерин жакшыртат. Ал эрте картаюунун алдын алууга гана эмес, бардык органдардын толук кандуу иштешин уюштурууга жардам берет. Эгерде витаминдин жетишсиздигин өз убагында алдын алса, эндокриндик, жүрөк-кан тамыр жана сөөк-булчуң системалары кадимкидей иштейт. Бул өзгөчө айыз алдындагы синдромдо жана климакста жардам берет. Так ушул мезгилде аялдын абалы жогору нервоздуулук жана ашыкча дүүлүгүү менен айырмаланат. Мындан тышкары, фолий кислотасы салмакты токтотуу маселесин мыкты чечет.

*С витамини (аскорбин кислотасы):* организмдин ар кандай физиологиялык процесстерине катышат: байланыштыргыч ткандардын зат алмашуусуна, иммундук системаны чыңдоодо,

холестериндин зат алмашуусуна. С витамини ошондой эле антиоксиданттык касиетке ээ, кан тамырлардын капталдарын бекемдейт, темир, кальций жана фолий кислотасынын сиңүүсүн жакшыртуу үчүн зарыл.

*Д витамини:* аялдардын ден-соолук витамини деп эсептелет. Бул аялдын организминин өзгөчөлүктөрүнө жана анын функциялары: айыз цикли, кош бойлуулук, төрөт, эмчек эмизүү, климакс менен байланыштуу. Иммундук модуляциялоочу натыйжалуулукка ээ, картаюу процессин жайлатат, энергияны толтурат. Ошондой эле кальций, фосфор жана магний алмашуусун жөнгө салып, аларды сөөктөрдө сактоого жардам берет. Остеопороздон сактайт, ичегидеги кальций менен фосфордун сиңишин жөнгө салат. Кош бойлуулукта, бөйрөк жана боор ооруларында зарыл.

**Колдонуу жолу:** күнүнө 1 капсуладан бир стакан суу менен жутуп кабыл алуу керек.

**1 капсуладагы азыктык баалуулугу (г):**

| | |
|---|---|
| Белоктор | 0 |
| Майлар | 0,03 |
| Углеводдор | 0,3 |
| Энергетикалык баалуулугу | 1,35ккал / 5,6 кДж |

**Каршы көрсөтмө:**
- БАК компоненттерине жекече көтөрүмсүздүк;
- 18 жашка чейинки курак.

**Өзгөчө көрсөтмө:**
Сунушталган суткалык дозасынан ашырууга жана ар кандай балансталган тамактанууну алмаштыруу катары БАК колдонууга болбойт.

**Сатуу шарттары**
Дарыкана тармагы жана адистештирилген дүкөндөр, соода тармагынын бөлүмдөрү аркылуу.

**Сактоо шарттары**
Жарык тийбеген жерде, 25°С жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Чыгаруу формасы**
30 капсула кыргыз жана орус тилдериндеги колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.

**Жарактуулук мөөнөтү:** 36 ай. Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.


**Өндүрүүчү:**
UAB «Aconitum»,
Inovaciju str.4, LT-54469,
Каунасс району, Литва

**Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн ээси (МКК):**
VEGAPHARM LLP.
Unit 18, 53 Norman Road,
Greenwich Centre Business Park, SE10 9QF,

Лондон, Улуу Британия

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн дооматтарды кабыл алуучу уюмдун дареги:**

«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК,
Кыргызстан Республикасы,
Бишкек шаары, Тыныстанов көч., 4а/11.
Тел: (0312) 560466,
E-mail: aman.pharm12@gmail.com